**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№ 2(6)/2025, 197-203

**УДК: 7.78.01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_2(6)_25

# ААЛАМДАШУУ МЕЗГИЛИНДЕ МУЗЫКАНЫН АДАМ ЖАШООСУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## РОЛЬ МУЗЫКИ В ЖИЗНИ ЧЕЛОВЕКА В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

## THE ROIE OF MUSIC IN HUMAN LIFE IN THE ERA OF GIOBALIZATION

**Масабиров Давлетбек**
*Масабиров Давлетбек*
*Masabirov Davletbek*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

---

**Замирбек уулу Азимбек**
*Замирбек уулу Азимбек*
*Zamirbek uulu Azimbek*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

---

**Нуркамил уулу Сыймык**
*Нуркамил уулу Сыймык*
*Nurkamil uulu Syimyk*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

# ААЛАМДАШУУ МЕЗГИЛИНДЕ МУЗЫКАНЫН АДАМ ЖАШООСУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация**

Бул макалада музыканын адамдын калыптануусуна тийгизген таасири иликтөөгө алынды. Искусствонун бул түрүнүн инсандын ден-соолугуна, интелектуалдык өнүгүүсүнө, ички дүйнөсүнүн сырдуу жактарын ачып берүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө терең басым жасалды. Ошондой эле, музыка боюнча байыркы жана азыркы көз караштар да макалага колдонулду. Андан сыртары анын таанып-билүүчүлүк, тарбиялык, эстетикалык баалуулуктары ачылып берилди. Ааламдашуу шартындагы музыкалык искусствонун ролуна терең көнүл бурулду.

***Ачкыч сөздөр:*** музыка, искусство, ааламдашуу, ден-соолук, тарбия, эмоция, маданият

***Роль музыки в жизни человека в эпоху глобализации***

**Аннотация**

В статье рассматривается влияние музыки на формирование личности. Особое внимание уделяется специфике влияния этого вида искусства на здоровье человека, его интеллектуальное развитие и способность раскрывать тайны внутреннего мира. Также в статье рассматриваются античные и современные взгляды на музыку. Раскрыта его познавательная, образовательная и эстетическая ценность. Особое внимание уделено роли музыкального искусства в условиях глобализации.

***Ключевые слова:*** музыка, искусство, глобализация, здоровье, образование, эмоции, культура

***The roie of music in human life in the era of giobalization***

**Abstract**

This article examines the influence of music on personality development. Particular attention is paid to the specific impact of this art form on human health, intellectual development, and the ability to reveal the secrets of the inner world. The article also explores ancient and modern perspectives on music. Its cognitive, educational, and aesthetic value is revealed. Particular attention is paid to the role of musical art in the context of globalization.

***Keywords:*** music, art, globalization, health, education, emotions, culture

**Киришүү**

Музыка жалпы баалуулуктар жана эмоциялар аркылуу адамдарды бириктирип, социалдык жана маданий интеграциянын куралы катары заманбап дүйнөдө негизги ролду ойнойт. Ошондой эле, музыка эмоционалдык жана когнитивдик функцияларды аткарат, маанайды жакшыртат, стрессти азайтат, чыгармачылыкты стимулдайт жана концентрацияны, көңүлдү жана эстутумду жакшыртат. Музыка, искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле, адамдын жашоосундагы эстетикалык сезимдерди активдештирет. Ал күнүмдүк турмушту байытып гана тим болбостон, аны андан да жогору көтөрүп, жеке адамдардын жана коомдун руханий жашоосунун жогорку деңгээлин түзүүгө жардам берет.

Музыкалык образдар татаалдыгы жана түшүнүүгө мүмкүн болбогон жактары менен да айырмаланып турат. Музыкалык образдын табияты эстетика илиминде да, музыка таанууда да сыры ушул күнгө чейин толук кандуу ачыла элек. Биз музыкалык образдардын табиятын түшүнүүгө жакындаган сайын, ал бизден тынымсыз алыстап баратkансыйт. Музыканын глобализациясы дүйнөнүн каалаган жеринде кандайдыр бир композицияны угуу эмес экенин түшүнүү маанилүү орунда турат [1].

Музыканы таанып-билүүнүн бир түрү жана адамдын аң-сезиминдеги чындыктын чагылышы катары кароого болот. Адамдар музыкалык чагылдыруунун негизги объектиси болуп саналат, анткени музыка бай жана ар түрдүү психологиялык мазмунду, биринчи кезекте эмоционалдык тажрыйбаны жана адамдын ой жүгүртүүсүн берүүгө жөндөмдүү. Бирок музыка да коомдук турмушту, бизди курчап турган чындыкты конкреттүү музыкалык образдардын негизинде чагылдырат. Ал жан дүйнөбүздүн булуң-бурчтарына кирип, ичиндеги катылып жаткан кооздукту, асылдуулукту ойготот. Музыка сезимталдыкка, өз мекенине болгон сүйүү сыяктуу сезимдерге тарбиялайт, музыканы түшүнүү жана сүйүү үчүн тил билүүнүн кереги жок, анткени музыканын тили – жандын тили.

Тагыраак айтканда, байыркы философтор музыканын адамдарга тийгизген таасирине терең токтолушкан. Платон музыка биздин ар кандай психикалык дисгармонияга тартип жана гармония алып келе тургандыгын ырастаган. Пифагор музыканы так илим катары негиздеген. Пифагордун тарапкерлери «бул дүйнө музыка аркылуу негизделген жана аны башкарууга болот» деп күнүмдүк ырларды жана музыкалык чыгармаларды камтыган музыкалык психотерапиянын ыкмасын иштеп чыгышкан.

Музыка ачууланууну басаңдатуу үчүн колдонулган жана гармониялуу инсанды тарбиялоонун негизги каражаты катары эсептелген. Аристотелдин пикири боюнча “Музыка кубаныч жана канааттануу алып келиши керек деп белгилеген, музыка адамдын жан дүйнөсүн калыптандыруучу эстетикалык жагына таасир этиши мүмкүн”. Бул идеялар кийин аффект теориясынын негизин түзгөн. Азыркы күндөрдө бардык музыка тигил же бул түрдө аффект алып келүүчү искусствонун бир түрү, ал эмоцияларды, ассоциацияларды козгойт жана аракетке шыктандырат. Кийинчерээк Ньютон музыка менен ааламдын ортосундагы байланыш проблемасына кайрылып, ал музыканы ирреттүү космостун эң жакын аналогу катары эсептеген.

Музыкадагы ааламдашуу – бул жөн гана сөз эмес, музыкалык искусствонун табиятын терең өзгөрүүгө дуушар кылган жана кайра артка кайтпай турган процесс катары каралат. Музыка мындан ары маданияттын территориялык жактан обочолонгон, улуттук жактан

чектелген формасы эмес. Ал бүткүл дүйнө түшүнгөн тил, континенттер аркылуу байланыш каражаты, түрдүү маданияттар менен каада-салттардын ортосундагы көпүрө болуп калды. Ааламдашууда бүгүн башка мамлекетте жашап туруп, алыскы өлкөлөрдүн түрдүү эстрадалык музыкалык чыгармаларын уга алат жана чет элдердин эстрадалык топторуна кызыгып баалай алат.

Заманбап дүйнөдө музыка өзүн көрсөтүүнүн, эмоционалдык колдоонун жана социалдык өз ара аракеттенүүнүн маанилүү каражаты болуу менен алар аркылуу адамдын маанайына түздөн-түз таасир этет. Ал жаңы заманбап коммуникациялык технологиялардын аркасында иш жүзүнө ашат. Тагыраак айтканда, музыканын күчү да анын адамдарды бактылуу болуусуна жардам берет. Ал өзүн башкаларга таанытуунун жана ички чыгармачылык дүйнөңүздү бөлүшүүнүн өзгөчө жолу болушу мүмкүн. Ал эми атактуу композитор Шостаковичдин пикири боюнча, «Музыка искусствосун сүйүп үйрөнүү зарыл, ал баарына бийик сезимдердин, кубанычтардын, ойлордун бүтүндөй дүйнөсүн ачып берет» [2].

Музыка адамдын эстетикалык муктаждыктарын канааттандыруу күчүнө ээ. Мисалы, диний музыка тынчтык сезимин ойготот, бул бизге оору менен гана күрөшүүгө жардам бербестен, бизди күнүмдүк нерселерден жогорураак чөйрөлөргө өтүп жашообуздун кооз болушуна жол көрсөтүп берет. Ж. Бахтын музыкасы диндин башка руханий сезимдерден өзгөчөлөнгөн сырдуу жактарын сезе билүүгө, динди сыйлоого жана өз ара ынтымакка чакырат.

Гендельдин музыкасы да ушундай эле таасирге ээ. Башкача айтканда, музыка аркылуу эстетикалык муктаждыктарды канааттандыруу жана кандайдыр бир белгилүү музыкалык чыгармадан келип чыккан оң эмоциялар менен музыкалык табитин, эстетикалык көз карашын өнүктүрүү. Позитивдүү эмоцияларга карата болгон муктаждык угуучунун муктаждыктарын эң жакшы канааттандыра ала турган музыка болушу шарт. Адамга эң көп резонанс жана бир катар позитивдүү эмоцияларды жараткан музыка гана чыныгы искусство болуп саналат.

Белгилүү болгондой, музыка эл аралык тил, ар кандай улуттагы, маданияттагы, жаш курактагы, түрдүү кесиптеги адамдарды бириктирүүчү кызматты аткарат. Бирок анын интеграциялык таасири глобалдык деңгээлде гана эмес, инсандар аралык деңгээлде да көрүнөт. Дүйнөдөгү кооздуктарды сезе билүүгө жардам берүү менен музыка инсандар аралык байланышты активдештирет, "Чын дилден баарлашуу", ошол эле учурда ар кандай байланыш тоскоолдуктарын жеңүүгө жардам берет. Музыка – бул баарлашуу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк болуп саналат.

Музыка жүрөктүн системалуу түрдө иштешине жана кан тамыр басымына олутуу таасир этет. Тез, ылдам темптеги музыка жүрөк кан тамырдагы кан басымынын күчөшүнө алып келет. Эгер жүрөктүн кагышын туруктуу калыбына келтирүү үчүн, жайыраак музыка угуп, эс алуу зарыл. Жагымдуу музыка да канга жакшы таасирин тийгизет. Сүйүктүү обон кандагы лимфоциттердин санын көбөйтүп, организмдин оору менен күрөшүүсүн жеңилдетет. Аристотелдин пикири боюнча, музыка физиологиялык таасирге ээ, чарчоону басаңдатып, тамырдын кагышын жана дем алууну нормалдаштырат.

Музыка – ой жүгүртүүнүн күчтүү булагы. Музыкалык билимсиз толук интеллектуалдык өнүгүүгө мүмкүн эмес. Музыка мээнин ядросу (ырахат алуу борбору) жана ал стресстин азайышына алып келет, эмоционалдык абалды жакшыртуу кызматын аткарат. Классикалык

музыканы угуу көңүл бурууну жана эс тутумду талап кылган жумуштарды аткарууну жакшыртат. Классикалык эмес музыка көп учурда психикалык ишмердүүлүккө оң таасирин тийгизиши мүмкүн. Музыканын термелүүсү курчап турган мейкиндикке жана адамдарга таасирин тийгизет деген идея илимий негизге ээ, анткени музыка денеде физиологиялык өзгөрүүлөрдү пайда кыла турган үн толкундарын жаратуучу физикалык көрүнүш.

Заманбап музыка адамдарга эки тараптуу таасир тийгизип, оң жана терс өзгөрүүлөрдү пайда кылат. Ошондой эле терс таасирин тийгизиши мүмкүн, мисалы, агрессияга, апатияга жана социалдык чыңалууга көмөктөшөт, ошондой эле жаштарда оң баалуулуктардын калыптанышына таасир берет. Демек, критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү менен музыканы тандоого аң-сезимдүү мамиле кылуу маанилүү.

Музыка – жашообуздун ар бир тармагына терең сиңген уникалдуу көрүнүш. Бул биздин эмоцияларыбызга, ойлорубузга, атүгүл физикалык абалыбызга таасир этет. Психология, билим берүү, социология жана медицина сыяктуу ар кандай тармактардагы изилдөөлөр бул таасирди түшүнүүгө жана баалоого жардам берет. Музыканын адамдын физикалык жана психикалык абалына тийгизген таасирине көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн [4, 107-б.].

Азыркы жаштар ачууланганда же эс алууга муктаж болгондо музыка угат. Музыка аларга оор турмуштук жагдайлар менен күрөшүүгө зор жардам берет. Мартин Лютердин пикири боюнча "Музыка кайгыга, ызы чууга баткандарды эң сонун соороттуунун жолу" [6, 34-б.]. Учурда интернет технологиялары билим берүүнүн бардык чөйрөлөрүндө кездешет. Адамдар коомдогу жогорку технологиялар дүйнөсүндө, көбүнчө жалгыз, кээде виртуалдык дүйнөдө жашашат. Бирок бул ааламдашуу шартында рухий-нравалык жана эстетикалык тарбиялоо маселелери экинчи планга калып жаткандыгы белгилүү [3, 67-б.].

Жагымдуу музыкалык чыгармалар акыл-эс активдүүлүгүн стимулдаштырып жана эс тутумду бекемдейт. Кээ бир обондор жана ритмдер чыгармачылыкты жана фантазияны күчөтөт. Бирок, оң натыйжаларга жетүү үчүн, ал кылдаттык менен музыкалык репертуарды тандоо жана кабыл алуу жараянын уюштуруу зарыл. Азыркы ааламдашкан коомдо рок музыкасы эң кеңири таралган стилдерге айланууда. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, бул жанрлар адамдарды кубаттап гана тим болбостон, энергиянын төмөндөшүнө, депрессияга жана ден-соолукка тескери таасирин тийгизип бир катар коркунучтарга алып келген учурлары да кездешет [5, 414-б.].

Азыркы жаштар ачууланганда же эс алууга муктаж болгондо музыка угат. Музыка аларга оор турмуштук жагдайлар менен күрөшүүгө зор жардам берет. Мартин Лютердин пикири боюнча "Музыка кайгыга, ызы чууга баткандарды эң сонун соороттуунун жолу" [6, 34-б.].

Кээ бир изилдөөчүлөр музыкалык инфра добушунун адамдын психикасына жагымдуу жана көбүнчө терс таасирин тийгизиши мүмкүн экенин баса белгилешкен [7, 361-б.]. Музыка универсалдуу касиеттерге ээ болгон искусствонун бир түрү. Ал биздин эмоцияларыбызды башкара турган күчкө ээ. Бул психикалык, физикалык жактан ооруган адамдардын оорусун басаңдатуу касиетине ээ. Бул адамга көпчүлүк инсандар жасай албай турган ишмердүүлүктөрдү жасаганга жана шедеврлерди жаратууга зор жардам берет. Ал жалпы элдин сезимдерин ойготуп, революциянын учкунун жаратуу күчүнө ээ болушу мүмкүн.

Көркөм маданият коомдун руханий жана эмоционалдык баалуулуктарынын жыйындысын чагылдырат. Ал инсандын ички дүйнөсүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт. Көркөм маданият анын ичинде музыка жалпы сезимдер аркылуу адамдарды жана жапы адамзатты бириктирген байланыштын маанилүү каражаты болуп саналат. Көркөм элементтердин жашоо менен өз ара айкалышы адамдын жүрүм-турумуна, маанайына, табитине, көркөм керектөөсүнө да таасирин тийгизет. Адамдардын коомдук аракеттеринин мааниси алардын баалуулуктары менен аныкталат. Д.Лукач белгилегендей, "Музыка искусствонун бардык түрлөрүнөн айырмачылыгы адамдык мазмундун артыкчылыктарын терең ачып берет" [8, 72-б.].

Музыканын эстетикалык жана тарбиялык мүнөзгө ээ, ошондой эле маданий жашоого тарбиялайт жана ал сулуулук, дүйнөнүн гармониясы түшүнүктөрүн сиңирип, жашоону сезимдерге байытып, бош оордун толтуруучу, сезимталдыкка, асылдуулукка, жоопкерликке, кайраттуулукка, боорукердикке үйрөтөт.

Жалпысынан айтканда, музыка – коомдун маданий жашоосуна таасир этүүчү факторлордун бири. Музыка жаралгандан бери ар дайым адамдардын аң-сезимине таасир этүүчү каражат катары колдонулуп келген. Бул ар кандай максаттарга жетүү үчүн колдонулган. Музыка – маданияттуу инсандын туура калыптанышына түрткү берген искусство болуп саналат. Ал адамдын өксүктөрүн толтурган, инсандыгын калыптандырган, жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүчү, өзүнүн баалуулугун тезирээк түшүнүүгө, ошону менен өзүн-өзү таанып-билүүгө жардам берген искусствонун бир түрү.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Абдимиталип уулу, Н., & Жапаралиев, Ш. (2023). “Диван Лугат ат-Түрктө” кездешкен музыкалык терминдер. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология*, (1(1), 1–11. https://doi.org/10.52754/16948874_2023_1(1)_1
2. Абдимиталип уулу, Н. (2025). Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүндөгү кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын издери. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 1*(1), бб. 17-25. https://doi.org/10.65469/eijournal.2025.1.3
3. Апжапар уулу, Б., & Акматкулов, У. (2024). Өспүрүмдөрдүн музыкалык маданиятын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология*, (2(4), 61–68. https://doi.org/10.52754/16948823_2024_2(4)_11
4. Барвинская, Е. М. Проект-исследование о влиянии музыки на состояние здоровья человека / Е. М. Барвинская // Музыка в школе. 2008. N 1. С. 34-38.
5. Бреан А., Скейе Г.У. Музыка и мозг: как музыка влияет на эмоции, здоровье и интеллект. Москва: Альпина Паблишер, 2020.
6. Газиева, П.З., Имаралиева, Ж.Р. (2025). Мектепке чейинки курактагы баланын инсандыгынын руханий-адептик негиздерин калыптандыруу. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы,* 2(2), бб. 9- https://doi.org/10.65469/eijournal.2025.2.2
7. Ипатов, А.В. Психологические детерминанты аутодеструктивного поведения подростков и механизмы его коррекции. Дис. … доктор псих. наук. СПб, 2017. 361 с.

8. Итигулова, Ж., Акмат уулу, К. (2024). Адам жашоосундагы эстетиканын ролу. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология*, (2(4), 56–60. https://doi.org/10.52754/16948823_2024_2(4)_10
9. Калыбеков, А.И. (2024). Музыка инсандын социалдык-коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү фактору катары. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология,* (1(3), 53–58. https://doi.org/10.52754/16948823_2024_1(3)_8
10. Лукач Д. Своеобразие эстетического: В 4 т. М., 1987. Т. 4. С. 71-72.
11. Макарова К.В. Влияние музыки на процессы мышления и понимания. Мир психологии. 2020; № 1 (101): 107–117
12. Rabaka R. The hip hop movement [Текст]: from R&B and the civil rights movement to rap and the hip hop generation / Reiland Rabaka. - Lanham, Md. [etc.]: Lexington Books, cop. 2013. - xv, 414 c.